**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**7-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Бектур өзүнүн сааты 10:45 болгондо троллейбуска отурду да, троллейбустун сааты 11:19 болгондо троллейбустан түшүп калды. Бектур троллейбуста канча мүнөт жүрдү?

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) 43
Б) 41
В) 34
Г) 38

**Троллейбус сапары**






Бектурдун сааты 3 мүнөткө алдыда болсо, троллейбустун сааты 4 мүнөткө артта жүрөт.

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоонун объектиси: эсептөөлөрдү жүргүзөт
- Максималдык балл: 1 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Б) 41 |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Бектур саат 12:00гө достору менен троллейбустун аялдамасында белгиленген жолугушууга үлгүрөбү?

*Туура жоопту тандагыла:*

-Ооба

-Жок

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

**Троллейбус сапары**

Бектур өзүнүн сааты 11:30ду көргөзгөндө мектептен чыгып, 12 мүнөттөн кийин кайра эле ошол троллейбуска отурду. Ал сааттын үчтөн бирине барабар болгон убакыттан кийин троллейбустан түшүп калды.

Бектурдун сааты 3 мүнөткө алдыда жүрөт.

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоонун объектиси: эсептөөлөрдү жүргүзөт
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: эксперттик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Ооба, анткени ал саат 11:59да келет |
| 1 | Ооба, анткени ал саат 12:00 го чейин келет |
| 0 | Башка жооптор берилсе же жооп жок болсо |

| | |
|---|---|
| **Оң жактагы текстти окугула.**<br>***3-тапшырма.***<br>Троллейбустун сааты боюнча 7:50 дөн кечикпей түшүп калуу үчүн, Бектурдун өзүнүн сааты боюнча кайсы убакыттан кечикпей троллейбуска отуруу керек?<br>**Бир туура жоопту тандагыла:**<br><br>А) 7:30<br>Б) 7:23<br>В) 7:24<br>Г) 7:27 | **Троллейбус сапары**<br><br>Мектепте сабак саат 8:00 до башталат. Мектепке троллейбус менен барууга жарым саат сарпталат.<br><br><br><br>Бектурдун сааты 3 мүнөткө алдыда жүрсө, троллейбустун сааты 4 мүнөткө артта жүрөт. |

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: жогорку (креативдүү)
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоонун объектиси: эсептөөлөрдү жүргүзүү
- Максималдык балл: 1 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Г) 7:27 |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |